сөздөрүнүн маанилеринин арасында этимологиялык тыгыз байланыштын бар экендиги ырасталды;

2. *Эр, эркек* сөздөрүндөгү үндүү жана үнсүз тыбыштарынын туруктуу болбой, ар кандай башка тыбыштарга алмашылып, кошумча тыбыштардын пайда болуусу же түшүп калуусу менен айтылуусу сыяктуу фонетикалык процесстердин бири-биринен айырмаланган трансформациялары сөздүн маанисинин конкреттештирилүүсүнө, учурдагы маанисине алып келгендиги аныкталды;

3. Кыргыз тилиндеги *эркек* сөзүнүн эр, эрен, берен, баатыр сыяктуу деривативдери түрк, алтай, кытай - тибет, индоевропа тилдик топторуна кирген тилдердин көпчүлүгүндө эркек адамдын физиологиялык, социалдык өзгөчөлүктөрүн камтыган, семантикалык жактан (*эр, күйөө, жубай, чыныгы баатыр, эр жүрөк, азамат, кайраттуу, алдуу- күчтүү*) бири - бирине жакын маанини туюндургандыгы белгилүү болду.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Севортян, Э.В.** Этимологический словарь тюркских языков [Текст] / Э.В. Севортян // АН СССР, Ин-т языкознания. -М.: Наука, 1974. – 768 с.
2. **Зулпукаров, К.З.** Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание [Текст] / К.З. Зулпукаров. – Бишкек, 2016. – 767 с.
3. **Тенишев, Э.Р.** Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Лексика Том 4 [Текст] / Э. Р. Тенишев. - М.: Наука, 2001. – 822 с.
4. **Севортян, Э.В.** Этимологический словарь тюркских языков. Общетюркские и межтюркские основы на гласные [Текст] / Э.В. Севортян. – Москва, 1974. – 386 с.
5. **Zulpukarov, K.Z.** Reflexes of the Most Ancient Root *er “Male” in Eurasian Languages [Текст] / [K., Zulpukarov, S. Amiraliev, A. Zulpukarova, A.Akmatova и др.] // Open Journal of Modern Linguistics, 2021.- P. 104-119.
6. **Сейдакматов, К.** Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү [Текст] / К.Сейдакматов. – Ф.: Илим, 1988. – 275 б.
7. **Тенишев, Э.Р.** Древнетюркский словарь [Текст] / Э.Р. Тенишев. – Ленинград: Наука, 1969. – 715 с.
8. https://new.bizdin.kg/kniga/epos-manas-pervyy-tom
9. The Brockhaus and Efron Encyclopedic Online Dictionary (1890-1907)
10. **Акматова, А.А.** Возрастные различия концепта «Женщина» и их жизненные обязанности в кыргызском языке [Текст] / А.А.Акматова // Наука.Образование.Техника.-Ош:КУМУ,2021.-№1.- С. 92-97.


DOI:10.54834/16945220_2021_1_123

Поступила в редакцию 25. 01. 2022 г.

УДК 81'282

***Шакирова М.Р.***
*к.ф.н., доцент Джалал-Абадского госуд. универ. им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика*
***Калыбекова З.С.***
*к.ф.н., доцент Джалал-Абадского госуд. универ. им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика*

# АДАБИЙ ТИЛДИН ӨСҮП-ӨНҮГҮШҮНҮН ИЧКИ ДИНАМИКАСЫ

*Макалада изилдөө предмети болуп бир учурдагы диалектизмдердин бүгүнкү күндө жазуучулардын чыгармаларында, журналисттердин макалаларында пайдаланылып, акырындык менен жалпы эл колдоно баштап, жалпы элдик тилге, адабий тилге да өтүп бараткандыгы*

*тууралуу сөз болду. Буга сөздүктөрдөн, көркөм чыгармалардан, оозеки сүйлөшүү кебинен мисалдар келтирилди. Тилчи-окумуштуулардын бул багыттагы изилдөөлөрүнө, ойлоруна шилтемелер, салыштыруулар болду. Диалектизмдердин ар кандай учурда эл арасында көп колдонулуп, жалпыга түшүнүктүү болуп, адабий тилде эквиваленти жок болгон учурда адабий тилге өтүү мүмкүнчүлүгүн изилдөө-тактоо менен алардын адабий тилдин өсүп-өнүгүшү үчүн ар дайым база болуп берери белгиленди. Көркөм чыгармалардын тилинен да адабий тилге өтүп колдонулуп баштаган диалектизмдерге токтолуп, аларды автор кандай максатта колдонуп жаткандыгын изилдеген атайын ыкмалар тууралуу ой айтылды.*

***Негизги сөздөр:*** *адабий тил; тил; диалектизмдер; этнографиялык диалектизмдер; сөздүк; динамика; лексика; стилистикалык кызмат.*

## ВНУТРЕННЯЯ ДИНАМИКА РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЛИТЕРАТУРНОГО ЯЗЫКА

*В статье предметом исследования является вопрос о том, что в настоящее время диалектизмы используются в произведениях писателей, статьях журналистов и, таким образом, постепенно входят в обыденную речь кыргызов, затем в кыргызский литературный язык. Были ссылки на исследования, идеи ученых-лингвистов, занимающихся изучением диалектизмов. С изучением перехода диалектизмов в литературный язык было установлено, что в любом случае диалектизмы служат лексической базой для развития литературного языка. Также в статье были затронуты вопросы о методах изучения путей перехода диалектизмов в литературный язык и цели использования диалектизмов авторами литературных произведений на конкретных примерах.*

***Ключевые слова:*** *эволюция; динамика; язык; литературный язык; этнографические диалектизмы; диалектизм; лексика; стилистика.*

## INTERNAL DYNAMICS OF THE DEVELOPMENT IN KYRGYZ LITERARY LANGUAGE

*The article deals with the issue that dialectisms are currently used in the works of writers, articles of journalists.Thus, gradually enter the everyday speech of the Kyrgyz, then into the Kyrgyz literary language in present. There were references for researches. Ideas of linguists involved in the study of dialectisms. With the study of the transition of dialectisms. The literary language, it was found that in any case, dialectisms serve as a lexical base for the development of the literary language. The article also raised the questions about the methods of studying the ways of transition of dialectisms into the literary language and the purpose of using dialectisms by the authors of literary works on specific examples.*

***Key words:*** *evolution; dynamics; language; literary language; ethnographic dialectisms; dialectism; vocabulary; style.*

Азыркы кыргыз адабий тили татаал жолду басып өткөндүгү баарыбызга белгилүү. Узак тарыхы бар кыргыз тили башка тилдер сыяктуу эле эволюциялык өсүштө болуп, анын өсүшүнүн ички динамикасы – диалектизмдерге, диалектилерге, говорлорго бай. Алар тилге терс таасирин тийгизбестен, тескерисинче, ар дайым тилдин ички системалык түзүлүшү, тилдик ажырагыс биримдиги, уюшкандыгы үчүн кызмат кылып келе жатат. Коомдун өсүп-өнүгүшүндө тилдин ички маани берүүчү семиасиологиялык системасы, түзүлүшү, пикир алмашуудагы кызматы бир топ туруктуу сакталып турат. Буга себептердин бири катары - кыргыз тилинин диалектилери жалпы элдик тил менен ар дайым карым-катнашта болуп, алардын ортосундагы жалпылыктардын басымдуулук кылгандыгын айтууга болот.

Диалектизмдер белгилүү аймакта жашаган элдин тилиндеги өзгөчөлүгү болуп, жазуучулардын чыгармаларында стилистикалык кызмат аткаруу максатында колдонулат да, жалпы элдин кабылдоосуна, колдонуусуна дуушар болгондон тартып, алардын адабий тилге өтүп колдонулууга мүмкүнчүлүгү жогорулайт.

Тилчи-окумуштуу К.К.Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» диалектизмдер деп белгиленген сөздөрдүн бир топ экендигин көрүүгө болот [12:572]. Ошол учурда диалектизмдер деп киргизилген сөздөрдүн көпчүлүгү бүгүнкү күндө жазуучулардын чыгармаларында, журналисттердин макалаларында пайдаланылып, акырындык менен жалпы эл колдоно баштап, жалпы элдик тилге, адабий тилге да өтүп бараткандарын байкоого болот. Мисалы, *аңызгече, кайналы, чексе, чарпая, яхна, шып, шиңгил, элет, эсине, эргинөөр, ылайка, шыпшырга, шүдүгөр, шапат, шамалкөй, чабайыл, чайдөш, чалбар, чарбалан, чоз, чөргө, чарым, чолток, чөөлү, чыканак, чыпта ж. б.*

Сөздүктөгү мындай диалектизмдердин бир тобу *(пайдубал, шып, шиңгил, бодо: бодо мал, аңызгече, ариет, перзент, дадил, нонок, пахтазар, өрүкзар ж.б.)* азыркы кезде жалпы элдик тилдин фондусунан орун алып, адабий тилге өтүп да калды [11:47]. Адабий тилдин катарында колдонулуп жаткан мындай диалектизмдердин колдонулушу бир топ кеңейип, жалпы элдин тилинде кеңири колдонулууга өттү. Бирок К.Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндөгү диалектизмдердин бардыгы адабий тилге өттү дегенге болбойт. Алардын кээ бирлери, биз мисал кылгандай, сөздөрдүн көпчүлүгү азыркы кезде адабий тилде, ал эми кээ бирлери ошол эле бойдон диалектилик касиетинде эле сакталып, айтылып келе жатат.

Тилчи-окумуштуулардын иликтөөлөрү көрсөткөндөй, сөздүктө диалектизмдер (же говордо айтылгандар) деп катталган сөздөрдүн бир канчасынын колдонулбай калганын да байкоого болот: *алеге, алем, алкорот, амек, андек, асни (год лошади), гелава, гелдирвай, гендей, генек, гөспан (год овцы), гуса (куса), гүлкечте, гыза, падбот, падар, палаң (год барса), палта, панжи, пишман, пүргөн, пычан, сазда, саңгөөк, сарбан (погонөщик верблюдов), сачак, серсөвлөт, сойрот (соорот), сөкүчөк, сувук, сыймала, табышман, таңги, телле, токкуз, түйө, тырпы, уваса ж.б.* сөздөр. Алар атайын диалектологиялык сөздүктүн ичинде камтыла турган чыныгы диалектилик сөздөр деп эсептөө керектигин баамдадык.

Диалектилик сөздөрдүн басымдуу бөлүгү жергиликтүү этнографиялык өзгөчөлүктөрдү туюнткан этнографиялык диалектизмдерден болуп, алар жергиликтүү элдин турмуш шартына, чарбачылыгына, үрп-адатына тиешелүү болгон нерселердин, буюмдардын, көрүнүштөрдүн аттарын көрсөтүп турат. Ар кайсы аймактарда жашаган кыргыздардын турмуш-тиричилигинде, жүргүзгөн чарбачылыгында, колдонгон буюмдарында, түшүнүктөрүндө белгилүү айырмачылыктары, өзгөчөлүктөрү бар экендигин этнограф окумуштуулар белгилеп келишет. Илимий китептерде келтирилген төмөндөгүдөй мисалдар аркылуу этнографиялык диалектизмдер лингвистикалык адабияттарда сыпатталып түшүндүрүлөт да, адабий тилге мүнөздүү эмес болушат, бирок жалпы элдин лексикалык системасынан орун алып, адабий тилдин лексикасын байытууга алда канча жарамдуу келишет. Мисалы: куртек - мөмө жемиштин өтө шире алып бышкан учуру; Сүрөт -жешке эртелик кылган, дүмбүл боло элек жүгөрү сотосу ж.б. [5]. Ушундай мисалдарды дагы да издеп карап көрдүк: Шырбаз – козудан чоңураак, союшка ылайык, эти жумшак кой; Дарча – үйдүн эгин талаасынын өткөн жол. Шалча – бекем жиптерден түрдөлүп жасалган таардын бир түрү. Мындай тематикалык этнографиялык диалектизмдер Баткен, Ош областтарынын аймагында жашаган кыргыздардын тилинде, ичкилик кыргыздардын тилинде бир топ кеңири учурайт. Лексикалык диалектизмдердин колдонулушунан жалаң гана стилдик максаттарды издөө акын-жазуучулардын тилдик өзгөчөлүктөрүн туура түшүнүүгө дайым эле жол ача бербейт. Алар айрым диалектизмдерди

урунуу менен, адабий тилибиздин лексикасын байытууну да көздөшөт. Мындай сөздөр негизинен автордук баяндарда учурайт. Алардын адабий тилде абсолюттук синонимдери болбой же пассивдүү колдонууда болуп, ошол диалектизм элдин тилинде айтылып жүрүп, жалпы жамаатка түшүнүктүү болуп калган учурда алардын адабий тилге өтүү мүмкүнчүлүгү жогору болот.

Бир учурда диалектизмдер деп аталган сөздөр азыркы кезде кеп стилинин ар кандай түрлөрүндө кенен колдонулуп, анын активдүүлүгүнөн адабий тилдин бардык стилдеринде кенен колдонулууга өтүп калды. Мындай сөздөрдүн бир тобун карап көрөлү: агет, айбаалы, аркорот (чөптүн аты), алчын (узундук чен), аңызгече, атилес, галтек, гилас, гөөл (көөл), гүлбурак, гүлдесте, гүлзар, гүлчамбар, дак, далдал, дүрүлдөк, дыкат, жашык, жебекана (сторожевая вышка), жегене, жегенеле, кайналы, как (таштын суу көлдөгөн бети), кандек, кашага (суу жууп кеткен жээк), кашар, кексе, кепичкана (прихожая в квартире), нокот, нонок (бестолковый), чаткал, чермай (чүй. чыптама), чонтой, шыпшырга, ылайка ж.б. толуп жаткан сөздөр адабий тилдин лексикалык байлыгына өтүп, анын байышына өбөлгө боло алат. Мисалы: *Маркумдун мүрзөсүндөгү гүлчамбарлар анын белгилүү инсан экенинен кабар берип турат (Жаңылыктар, 2019-ж.). Гүлчамбар коюу аземи Жалал-Абад облусундагы Аксы районунун Боспиек айылында 2002-жылдын 17-мартында орун алган кайгылуу окуянын 14 жылдыгына арналды.(Жаңылыктар, 2016, 17-март). Быйыл кайналынын килограммын 20 сомдон саттык. Бардык мөмөлүү дарактардай эле кайналы да бир жыл түшүмдүү болсо, кийинки жылы түшүмсүз болот (А.Ташбаев «Аксылыктар кайналы, таластыктар алкор дешет» Маек).*

*Кыргыз диалектологиясынын маселелерине кенен изилдөө жүргүзгөн окумуштуу Б. Юнусалиев өз эмгегинде диалектизмдер адабий тилдин өсүп-өнүгүшү үчүн ар дайым база болуп берерин белгилейт* [13:14]. Окумуштуу И.Абдувалиев К.К.Юдахиндин сөздүгүнө лингвистикалык илик жүргүзүп жатып, анын диалектизмдерди жыйнап, жалпы элдик тилдин лексикасы менен бирге сөздүккө киргизүүдө бир топ кыйынчылыктарга да кабылгандыгын белгилеп: «Орфографиялык эрежеге сыйып, ага моюн суна бербеген өтө көп сөздөрдү күч менен эрежеге ылайык келтирип, кашаанын ичине кыргыз алфавитинде жок тамга белгисин колдонуп, айтылыш турпатындагы жазылышын да жазып, которуп талдоо жүргүзгөн. Китептин 122-бетинен: бедарек (бедәрәк), бедарт (бедәрт); 58: аңгер (әңгәр); 55: амек (әмәк); 50: алим (әлим); 606: папик (пәпик), паранда (пәрәндә); 519: маскүнем (маскүнәм); 125: бейхөнөр (бейhөнөр); 551: накь (нәк); 18: абжил (әбжил), абжор (әбжөр); 609: писант (писәнт), писта (пистә), питина (питинә), пияда (пийәдә) жана башка толуп жаткан мисалдарды келтирүүгө болот»,- деп жазган И.Абдувалиев [1:12].

Академик В.В.Виноградов: “Көркөм адабияттын тили жалпы элдик, жалпы улуттук тилге караганда байыркы тилдин архивдик фондусуна, элдик жергиликтүү говорлорго, адабий эстеликтердин тилине эркинирээк кайрыла алат, бирок ал жалпы элдик тилдин структурасынан, негизинен, анын грамматикалык түзүлүшүнөн жана негизги сөздүк фондусунан көбүрөөк чегинип кете албайт, антпегенде ал жалпыга түшүнүктүү болбой калат”,- деп көркөм адабиятта архаикалык каражаттардын жалпыга түшүнүктүүлүгүн камсыз кылуу зарылдыгын көрсөтөт [4:88]. Байыркы сөздөргө, диалектилерге жыш толгон, түрк тилинде жазылган “Коркут ата” чыгармасын кыргыз тилине профессор И.Абдувалиев которуп, анда кыргыз тилининин лексикалык мүмкүнчүлүгүн болушунча пайдаланып, кыргыз окурмандарына сунуш кылды [7:47]. Чыгармада тилдик бирдиктер, көркөм сөз

каражаттары, фразеологизм сөздөрү, алардын катарында диалектизмдер ж.б. кеңири орун алган. Мындагы кээ бир сөздөрдүн - эр, жапкы, сухбат, маслаат, дидар, гөзөл, абаз, пул, буер, пакыр ж.б. кыргыз тилинин диалектилеринде колдонулуп, алардын ичинен маслаат – тыбыштык турпаты өзгөргөн масилет формасында, дидар, дасмал – тасмал түрүндө, жапкы диалектизмдеринин адабий тилге жакындап колдонулуп калганын айтууга болот. Кайсы тилден киргени жөнүндө так маалыматы жок мындай сөздөрдүн байыркы экендигин, илгерки замандарда кабыл алынгандыгын белгилеп, кайсы бир деңгээлде, пикир алышууда, карым-катыш жасоодо элди тейлеп жаткандыгын байкоого болот. Мисалы, Кыйан селжүк уулу Далы Тондос айтты: - Бали хан, казан, маслаат [7:26]. Бул сүйлөмдөгү маслаат сөзүнүн кыргыз диалектилеринде маслаат, масилет, маслахат деген формалары кезигип, адабий тилде акыл-кеңеш деген маанини, тагыраак айтканда, чогулуп кеңеш куруу, бир ишти чечүү, иштин башталышында сүйлөшуп алуу, бир пикирге келүү үчүн чогулуу сыяктуу маанилерге ээ. Адабий тилде масилет формасында колдонулуп жүрөт: Ата-энеме масилет салып көрөйүн. Ушундай мааниде тарыхый көркөм чыгармалардан да кезиктирүүгө болот: Качуу оюңузда жок болсо, маслахат үчүн эле келген болсоңуз куп жакшы, ат жалынан бүткөрөм, датка [7:230].

Диний жыйындарда маанилик жактан жакындыгы бар тыбыштык түрү өзгөргөн маселе, масала деген формаларын учуратууга болот. Демек, маслаат байыркы сөздөрдөн болуп, алгачкы мааниси сакталуу менен кыргыз тилинин диалектилеринде катардлаш колдонулуп жүрөт: Айылда аксакалдардын “элге аш берет экен, ошого маслаатка чакырып жатат” деп бараткандарын көрүп калчумун.

Ушул сыяктуу лексикалык, семантикалык, этнографиялык диалекетизмдер “Коркут ата китеби” дастанында бир топ: Үнүмдү анда, сөзүм тында, Аягым башмак, жүзүм жапкы көрбөдү [7:14]. Казандын алдынан бир суу көрүндү: “Суу ак дидарын көрсөтөр. Мен бул суудан кабар сурайын”, - деди Казан [7:29]. Дасмалын колуна алып өкүрө-өкүрө ыйлады [7:145].

**Жыйынтыктар:**

1. Көркөм чыгармалардын тилинен да адабий тилге өтүп кодонулуп баштаган диалектизмдерди көп учуратууга болот. Бирок аларды автор кандай максатта колдонуп жаткандыгын изилдеген атайын ыкмалар бар экенин да билип жүрүшүбүз шарт: Ошол чыгармадагы диалектизмдерди, алардын өзгөчөлүгүн массага жеткирүү, диалектизмдин колдонулгандыгын, алардын көркөмдүк каражатын түшүндүрүү, чыгарманын оригиналдуулугун, бул же тигил диалектиге таандык экендигин, тарыхын бөтөнчөлүгүн белгилеп көрсөтүү;

2. Кыргыз адабиятында айрым чыгармаларда диалектизмдерге көбүрөөк жол берилген болсо, мисалы, М.Абдукаримовдун “Жашагым келет” романынында, айрымдарында, тескерисинче, диалектизм берилүүгө тийиш, бирок берилбей калган же өтө аз берилген учурларды көрүүгө болот. Мисалы, жазуучу Саткын Сасыкбаевдин “Түпкүрдөгү нур” романындагы сүрөттөлгөн окуя ичкилик диалектисинин аймагында, башкача айтканда, Сүлүктү шаарынын айланасында өткөндүгүнө карабай диалектилер аз орун алган;

3. Бүгүнкү күндө бир учурда диалектизмдер деп берилген, жогоруда биз атап көрсөткөн сөздөрдүн жана ушуга окшогон диалектизмдердин адабий тилге өтүп

колдонулууга мүмкүнчүлүктөрү көп жана алардын бир тобу адабий тилде кеңири колдонулуп бара жатат.


**Колдонулган адабияттар:**

1. **Абдувалиев, И.** К.К. Юдахин түзгөн сөздүк жана кыргыз сөздөрүнүн кагазга түшүш проблемалары [Текст] / И.Абдувалиев // ЖАМУ Жарчысы (атайын чыгарылыш). – Жалал-Абад, 2006. – Б. 8-14.
2. **Абдулдаев, Э.** Кыргыз диалектологиясынын очерктери [Текст] / Э.Абдулдаев. - Фрунзе, 1959.
3. **Бакинова, Г.** Лексический диалог киргизского языка в реальном освоении [Текст] / Г.Бакинова. – Фрунзе, 1990. - 88 с.
4. **Виноградов, В.В.** Насущные задачи советского литературоведения "Знамя" [Текст] / В.В. Виноградов, 1951.- №7.- 146 б.
5. **Жапаров, Ш.** Кыргыз тилинин диалектикасы [Текст] / Ш.Жапаров, Т.Сыдыкова. –Бишкек, 2013.- Б. 4-8.
6. **Касымбеков, Т.** "Сынган кылыч" романы [Текст] / Т.Касымбеков. – Бишкек, 1998.
7. Коркут ата китеби: түрк тилдеринин байыркы дастаны [Текст] / Которгондор: И.Абдувалиев, Т.Абылкасымова, Г.Сатимкулова. – Бишкек, 2004. -174 б.
8. **Мамытов, Ж.** Көркөм чыгарманын тили [Текст] / Ж.Мамытов. – Бишкек, 1990. - 121б.
9. **Мукамбаев, Ж.** Кыргыз тилин диалектикасынын сөздрөрү [Текст] / Ж. Мукамбаев . – Фрунзе, 1972. - 1Т. - 712 б.
10. **Орузбаева, Б.О.** О задачах дальнейшего изучения киргизских диалектов [Текст] / О.Б.Орузбаева – Бишкек, 2004. - 2 Т. – Б. 117-119.
11. **Шакирова, М.Р.** Кыргыз тилинин колдонулушу чектелген лексикасы [Текст] / М.Р. Шакирова // Монография.- Бишкек, 2015.
12. **Юдахин, К.К.** Кыргызча-орусча сөздүк [Текст] / К.К. Юдахин.- Москва, 1965. - 973 б.
13. **Юнусалиев, Б.М**. Кыргыз диалектологиясы [Текст] / Б.М. Юнусалиев. - Фрунзе, 1971.


DOI:10.54834/16945220_2021_1_129

Поступила в редакцию 04.02. 2022 г.

УДК 81'282

***Калыбекова З.С.***
*к.ф.н. Джалал-Абадского госуд. универ. им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика*
***Шакирова М.Р.***
*к.ф.н. Джалал-Абадского госуд. универ. им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика*

# КУРГАКТА ӨЗҮ ЖҮРБӨГӨН УНАА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ АТАЛЫШТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ОРУС ТИЛИНДЕГИ ПАРАЛЛЕЛДЕРИ

*Унаа кыргыз элинин да, орус элинин да чарбалык ишмердигинин, маданиятынын кандайдыр бир маанилүү бөлүгү. Тандалып алган теманын актуалдуулугу аталыштары речте кездешкени менен ушул мезгилге чейин өзү жүрбөөчү кургактагы унаанын бир түрүнүн аталышы экендиги талданып, тартипке келтирилбегендигинде. Ал эми көркөм тексттерде алар кездешет, бирок мындай сөздөрдүн кууш мааниси бар экендигин, жер бетинде жүрүүчү өзү жүрбөгөн унаанын бир түрүнүн аталыштары деп эч ким деле таанып баган. Макалада жер бетинде жүрүүчү өзү жүрбөгөн унаанын аталыштарына тактама берилип, алардын кыргыз жана орус маданиятындагы орду каралган. Мындай терминдердин кээ бирөөлөрү кыргыздын улуттук тил картинасына кирсе, кээ бирөөлөрү жаңыдан кире баштаган. Себеби тилдин өнүгүшүндө чет элден өздөштүрүлгөн сөздөрдүн орду чоң. Макалада авторлор тарабынан ушул терминдердин кыргыздардын жана орустардын таанымындагы лингвокультурологиялык маанисин чечмелөөгө аракет жасалды.*